Сажиде Йылмазэл,
Бишкек гуманитардык университетинин

ӨЛКӨЛӨР АРАСЫНДА ТУРИЗМДИН ӨНҮГҮҮ АЖЫРЫМЫНЫН ЖОЮУДАГЫ ТААСИРИ

Азыркы учурда өнүгүп келе жаткан мамлекеттердин негизги көйгөйү болуп колунда бар болгон кенч булактарын өнүгүүдө өздөрү үчүн колдоналбай жаткандыгында.Территориалдык көйгөйлөр өнүгүп келе жаткан мамлекеттер менен бирге эле өнүккөн мамлекеттерде да болууда. Туризм сектору жана өнүгүү арасында түздөн-түз байланышы да өзүнүн таасирин берип келүүдө.

Ар бир өлкөнүн жайгашкан жери экономикалык жана социалдык өнүгүүсүндө өзүнүн чоң таасирин тийгизүүдө. Бул өнүгүүдөгү ажырым, өнүгүп келе жаткан мамлекеттерде өнүккөн мамлекеттерге караганда көбүрөөк пайызда болуп жатат. Ошондуктан аз өнүккөн мамлекеттер маселеси пайда болууда. Өлкөлөрдү экономикалык абалына карата өнүккөн жана өнүгүп келе жаткан деп бөлүп жатканда, көбүнчө колдонулган өлчөм, ошол мамлекеттин ар бир кишиге түшкөн ички дүң кирешенин көптүгүнө байланыштуу.(Илкин,1988:4)Өнүгүү, бир гана өндүрөш же ар бир кишиге түшкөн ички дүң кирешенин көптүгүндө эмес, экономикалык жана социалдык абалдын жакшыруусу менен да белгиленет.

Өнүгүү боюнча кененирээк айтканда, өнүгүү ар бир кишиге түшкөн ички дүң киреше менен бирге ылдыйдагы катарларда берилген өзгөрүүлөр дагы кирет(Йагжы, 2003:16):

• Мамлекеттик кирешенин таркатылуусу дээңгелдүү түрдө жогорулаганы.

• Өлкө ресурстарынын рационалдуу колдонуусу жана индустриализацияга өтүү.

• Өндүрүштүн жогорулоосу менен бирге ар сектордун өндүрүш түрү жана мамилелери өзгөрүлүп өндүрүштүн өнүгүүсү.

• Инфракструтура жана социалдык инвестициялар жалгыз гана өлкөнү аныктаган областтарга эмес өнүкпөй артта калган областтарына туура өтүшү.

• Тамактануу маселесинин тиешелүү түрдө чечилүүсү.

• Билим берүүдө заманбап прициптеринин ассимиляция болуусу.

• Өлкөнүн материалдуу турмушу жогорулаганы менен бирге калктын руханий жашоо-абалы да байышы жана маданиятынын жайылышы

Региондук өнүгүү, бул бир региондун же областтын өсүп-өнүгүүсүнүн жогорулагандыгы болуп эсептелинет. Ар бир өлкөнүн ичиндеги региондордун экономикалык жана социалдык өнүгүү деңгээлдери бири-биринен айырмаланып келишет. Бул айырмачылыктын көпчүлүгү өнүккөн өлкөлөргө караганда аз өнүккөн өлкөлөрдө көп кездешет. Мындайча аз өнүгүү маселеси дагы ортого чыгууда. Өлкөлөрдү өнүккөн жана аз өнүккөн деп топко бөлүп жатканда көп колдонулган өлчү адам башына түшкөн улуттук кирешенин көпчүлүгү болуп саналат (Илкин, 1988:4). Чынында өнүккөндүк жана аз өнүккөндүк терминдери пропорцияналдуу болуп келет. Анткени, аз өнүккөндүктөн аныктамасы экономика адабиятында табылган болсо да толук бир түшүнүк эмес. Мисалы, кээ бир өлкөлөрдө адам башына түшкөн улуттук киреше жогору болсо да келирдин бөлүнүшү жана башка көйгөйлөр бул мамлекеттерди аз өнүккөн өлкөлөрдүн катарына кошууну керек кылат (Чекен, 2008:295).

Аз өнүккөндүктүн эмне экенин дагы да кененирээк түшүнүү үчүн аны ортого чыгарган башкы касиеттерин билүү керек. Аз өнүккөн жана өнүгүүдө болгон өлкөлөрдү ылдыйдагылар сыяктуу касиеттери бар:

• Киши башына түшкөн улуттук кирешенин аздыгы

• Тамактануу системасынын начар болушу

• Начар өнүгүү

• Айыл-чарбанын көпчүлүгү

• Калктын өсүү деңгээлинин жогору болушу жана калктын күчү

• Билим жана окуу-жазуу деңгээлинин төмөн болушу

• Адам ресурстарынын жана иш маданиятынын өнүкпөгөндүгү

• Мамлекеттик ресурстардын аздыгы

• Табигый ресурстардын жакшы иштетилбегендиги

• Социалдык чөйрөнүн өнүкпөгөндүгү

• Экономиканын сырткы күчтөргө көз каранды болушу

• Ишсиздик

• Инфраструктуранын жетишпегендиги (физикалык жана техникалык жактан).

Өлкөлөрдүн өнүгүү деңгелинен көз карандысыз болуп жашоосуну сүрдүргөн региондук туруксуздук көрүнүштөр жана экономикага байланыштуу коомдук көйгөйлөр жаралып жатууда. Региондук туруксуздук – экономиканын кыймылсыз болуп калуусунун жанында өнүгүү темпини да түшүргүч болуп, чет-жакадан өндүрүш ресурстарын борборго туура жылып кетишине алып келүүдө. Өнүккөн мамлекеттер менен аз өнүккөн же өнүгүүдө болгон мамлекеттер арасындагы айырмачылыктар, иш менен камсыздоо, билим берүү, ден-соолук, суу, энергия, инфраструктура жана башка көйгөйлөрдүн ар кылдуу ченемдерде бар болуусуна себеп болуп жатууда. Учурда, өнүккөн жана өнүгүүдө болгон бир топ мамлекеттерде экономикалык иш-чаралар жана ошондой эле стабилдүүлүктүн ар кыл болуусу ал мамлекеттердики туруксуздуулукту жок кылуу максатында политика жана стратегияларды иштеп чыгууга түртүп жатууда (Гөктүрк, 2006, S: 23-24)

Туризм сектору өлкөлөрүн жана региондордун колунда болгон туризм ресурстарын пайдалуу колдонуп, региондор аралык айырмачылыкты жоюу жана региондук өнүгүү үчүн мааниси зор.

Бир коомдун туризмге болгон мамилеси анын экономикага тийгизген таасирине байланыштуу болуп эсептелинет. Мурда туризмге жакын болгон коом айыл-чарба менен алектенген болсо, азыр, туризм менен андан дагы көп киреше табуу үчүн жана муну менен жашоо стандарттарын жогорулатуу максатында туризм сектору менен да алектенип келишүүдө. Кененирээк айтканда, туризм менен алектенген коомдун иш жеринде да жаңылануулар пайда болуп, коомдук жерлерде туристтик буюмдарды саткан жерлер, отелдер, мейманканалар жана пансиондордун саны көбөйүүдө (Бербер, 2003)

Региондор аралык айырмачылыктардын болуусу жана заман менен көбөйүүсү социалдык проблемаларга алып келет. Биринчиден, артта калган региондордо иш менен камсыздоо чеги менен болуп, киреше аз жана ишсиздиктин саны көп болот. Бул, калктын өнүккөн региондорго көчүп кетүүсүнө себеп болот (Шанлы, 1978, 140-141). Өлкөлөр канчалык өнүккөн же өнүкпөгөн болсун региондорунун абалы ар түрдүү болот. Базар механизмасын өз эркине таштап салганда айырмачылыктарды жлюуу андан да кыйын болуп калат. Аз өнүккөн региондордун инфраструктурасына болгон инвестицияларынын жетиштүү болбоосу, жеке сектордун да бул региондорду инвестиция кылбоосуна алып келет. Ошондуктан өлкөлөр бар болгон региондор аралык айырмачылыктарды жоюу үчүн “региондук өнүгүү пландар”ды иштеп чыгуусу зарыл. Бул жерде максат, айырмачылыкты жоюу үчүн каралган чаралар болуп саналат (Ылдырар, 2004: 16-17).

Өнүгүүдө болгон мамлекеттерди карасак, алардын инвестицияга бөлүнгөн ресурстары ченемдүү болот. Ресурстар ченемдүү болсо, инвесторлор иш кирешени көбүраак алып келген секторлорду тандашат жана бул инвестициялардын кээ бир региондордо гана топтолусуна себеп болуп өлкөнүн өнүгүүсүнө терс таасир алып келүүдө.

Региондук өнүгүү жана ресурстардын пайдалуу колдонулуусунда туризм секторунун кошкон салымы көп. Эң башында региондор аралык айырмачылыкты жоюууда туризм сектору айыл-чарба жана өндүрүштө анча бай болбогон, өнүгүү мүмкүнчүлүгү аз болгон бирок туризмге дал келген региондору болгон жана бул региондордо туура дал келген туризм политикаларды жүргүзгөндөн кийин регион туризм жагынан кыйла өнүгүсүнө себеп болот (Браден энд Винер, 1980:37).

Аз өнүккөн жана өнүгүүдө болгон мамлекеттерин экономикасынын өсүүсүнүн биринчи шарты тышкы сатуулар болуп саналат. Бул мамлекеттердин айыл-чарба экономикасынан индустрия экономикасына өтүүсү зарыл. Жалгыз бул жол менен өнүгө алат. Бул абалда индустрияны өнүктүрү үчүн финанстык ресурстарга керек пайда болот жана бул ресурстарды табуу үчүн өлкөлөр туризм секторуна кайрылышат (Ичөз ве Козак, 1998:159).

Глобализация менен жаңы технологиялар өлкөлөр арасында конкуренцияны жаратты. Орхан Чобандын айтуусуна карасак фирмалар арасында конкуренция “суроого койулган товар жана кызматтардын альтернативтери жанында тандалуусуну сүрдүрүүгө мүмкүн болгон бир талант” катары аныктамасын берген (Чобан, 2001:27). Улуттук конкуренция күчү болсо, бир өлкөнүн колунда болгон ресурстардан көбүрөөк киреше алып келүүсүнү жана сырткы сатуулардагы товарларды жаңыртуу, жаңы товарларды чыгаруу жана буларды таркатуу каналдары менен таркатууга кудурети жеткендик” болуп эсептелинет. Конкуренциянын теориясы – бул бир базар чөйрөсүндө бар болуу жана ээлеген жерин коргоо күчү. Эркин базар шарттарында ээлеген жерин коргой албаган фирма, курулуш, регион жана өлкөлөрдүн конкуренттери менен атандашууда утулуп калары анык (Бахар Озан, Козак Метин, 2012:185). Азыркы күндө жалгыз гана баа эмес бир нече фокторлор конкуренциянын күчүнү түзүшөт. Бир өлкө же болбосо регион атандашуу күчүнө ээ болушу үчүн жалгыз түрдө, регион боюнча, сандуу жана сапаттуу атандашуу күчүнүн факторлорун бирдикте жана тиешелүү түрдө ишчарага өткөзүшү керек.

Эл аралык туризм жана саякат секторунда көптөгөн туристтик жерлер, регионуна дагы да көп тышкы туристтерди алып келүү жана туризм кирешелерини көбөйтүү үчүн конкуренция ичинде. Туризм жана саякат секторунун келечеги туристтик жерлеринин көптүгүнө байланыштуу. Анда дагы азыркы эс алуучулар билимдүү, жаңы технологияларды колдонуу, чет өлкөлөрдүн тилин билүү, ар кыл транспорт менен саякаттоо, эс алууларын мурдатан пландоо жана мурда эс алган жерге кайрадан баруу касиеттерин алып жүрүшөт. Жалпылап айтканда, эа аралык туризм жана саякат секторундагы туристтик жерлер каттуу бир конкуренция ичинде. Туристтик жерлер айрыкча, жаңы нерселерди ойлоп табууда, кардарлардын ыраазычылыгын эң жогоруга көтөрүүдө, жарнак жана танытуу, жакшы образды калтыруу сыяктууларга көп көңүл бурууда (Бахар Озан, Козак Метин, 2012:202).

Ар бир өлкөнүн туризм секторунда ийгиликке жетиши үчүн бардык өлкө бирге аракет кылуусу кажет. Тактап айтканда, өнүгүүдө болгон өлкөлөр сапаттарына жараша туризмди жаңыртууга экология жана уланта алгандык шарттарына көбүрак маани бериш керек. Жалгыз бул жол менен өнүгүүдө болгон мамлекеттер туризмдин бүтүндүгүн бузбай коргоп, бир нече убакыттан кийин өнүккөн өлкөлөр менен конкуренция чөцрөсүнө өтө алат жана экономикалык абалдарын да кыйла жакшыртып алышат.

Адабияттар

1. BAHAR Ozan, Kozak Metin(2012) Turizm Ekonomisi, Detay Yayıcılık, Ankara

2. BERBER Şakir (2003) Sosyal Değişme Katalizoru Olarak Turizm ve Etkileri, Selcuk Universitesi, Sosyal Bilimler Enstitusu Dergisi

3. BRADEN Paul V. And LOUSE Wiener (1980) Bringing Travel, Tourism and Culturel Resource Activities in Harmony With Regional Economic Developmant, Tourism Marketing and Managment Issues, George Washington University, Washington

4. CEKEN Huseyin (2008) Turizmin Bolgesel Kalkınmaya Etkisi Uzerine Teorik Bir İnceleme, Afyon Kocatepe Universitesi İİBF Dergisi, C 10, S 2

5. DULGEROĞLU Ercan (2000) Kalkınma Ekonomisi, Vipaş AŞ., Bursa

6. GOKTURK Atilla (2006) Bolgesel Dengesizliğe Kureselleşme- Yerelleşme Penceresinden Bakış, Bolgesel Kalkınma Politikaları ve Yeni Dinamikler, Der. A.Arı, Derin Yayınları, No:80, İstanbul

7. ILDIRAR Mehmet (2004) Bolgesel Kalkınma ve Gelişme Stratejisi, Nobel Yayın Dağıtım, Ankara

8. İCOZ Orhan, KOZAK Metin (1998) Turizm Ekonomisi, Turhan Kitabevi, İstanbul

8. İLKİN Akın (1998) Kalkınma ve Sanayi Ekonomisi, Yon Ajans, İstanbul

9. ŞANLI Cevat (1978) Bolgelerarası Dengesizliğe İktisadi Gelişme Teorileri Acısından Bir Yaklaşım,(Basılmamış Docentlik Tezi, İstanbul Unv. İktisat Fakultesi) İstanbul

10. UNAY Cafer (1993) Makro Ekonomi, Uludağ Unv., Bursa

11. YAĞCI Ozcan (2003) Turizm Ekonomisi, Detay Yayı ncılık, Ankara